УДК: 504.5 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.528**

ОШ ШААРЫНДАГЫ Б. АЛЫКУЛОВ АТЫНДАГЫ ЭС АЛУУ ПАРКЫНЫН ДЕНДРОФЛОРАСЫН ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛОО

Мамасадык уулу Арстанбек
окутуучу, ОшМПУ
ORCID: 0009-0006-1085-591X,
mamasadykuulu92@bk.ru

ИНВЕНТАРИЗАЦИЯ ДЕНДРОФЛОРЫ ПАРКА ИМ. Б. АЛЫКУЛОВА В ГОРОДЕ ОШ

Мамасадык уулу Арстанбек
преподаватель, ОшГПУ
ORCID: 0009-0006-1085-591X
mamasadykuulu92@bk.ru

INVENTORY OF THE DENDROFLORA OF THE B. ALYKULOV PARK IN OSH

Mamasadyk uulu Arstanbek
Lecturer, OshSPU
ORCID: 0009-0006-1085-591X
mamasadykuulu92@bk.ru

Аннотация

Бул илимий макалада Ош шаарынын жашылдандыруу тутумунда маанилүү орунду ээлеген Б. Алыкулов атындагы эс алуу паркынын дендрофлорасына жүргүзүлгөн комплекстүү инвентаризациялоонун жыйынтыктары кеңири баяндалат.

Изилдөөбүздүн негизги максаты — парктын аймагындагы бак-даректардын түрлөрүнүн курамын аныктоо, алардын таксономиялык түзүмүн анализдөө жана ар бир түрдүн сандык көрсөткүчтөрүн эсептеп чыгуу болуп саналат. Бул парк Ош шаарынын тургундары үчүн өзгөчө мааниге ээ, анткени күн сайын жүздөгөн адамдар келип эс алышып, таза абадан дем алып, жаратылыш менен байланышта болуучу негизги рекреациялык аймактардын бирине айланууда. Изилдөө иштеребиз талаа шарттарында визуалдык байкоо жана маршруттук эсептөө ыкмаларын колдонуу менен жүргүзүлдү. Натыйжада, парктагы өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн тизмеси түзүлүп, басымдуулук кылган түрлөр жана уруулар аныкталып илимий негизде классификацияланды. Бул изилдөөбүздөгү алынган маалыматтар Ош шаарынын экосистемасына, экологиялык абалына баа берүүгө, ошондой эле келечекте паркты рекреациялык жактан өнүктүрүү жана жашыл фонддуу натыйжалуу башкаруу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга пайдубал болуп берет. Макаланын жыйынтыгында парктын дендрофлорасынын азыркы абалына талдоо жүргүзүлүп, сейрек кездешүүчү же кошумча отургузууга муктаж болгон даректардын түрлөрү боюнча илимий корутундулар чыгарылды.

Ачкыч сөздөр: *инвентаризация, дендрофлора, Б. Алыкулов атындагы парк, Ош шаары, таксономиялык анализ, бак-даректардын түрлөрү, бак-даректар, жашылдандыруу, экология.*

Аннотация

В данной научной статье подробно представлены результаты комплексной инвентаризации дендрофлоры парка отдыха имени Б. Алыкулова, который занимает важное место в системе озеленения города Ош. Основная цель нашего исследования заключается в определении видового состава деревьев на территории парка, анализе их

таксономической структуры и расчете количественных показателей каждого вида. Данный парк имеет особое значение для жителей города Ош, так как он является одной из основных рекреационных зон, где ежедневно отдыхают сотни людей, вдыхая чистый воздух и контактируя с природой. Исследовательская работа проводилась в полевых условиях с использованием методов визуального наблюдения и маршрутного учета. В результате был составлен список видов растений парка, выявлены и научно классифицированы доминирующие виды и роды. Полученные в ходе исследования данные послужат фундаментом для оценки экосистемы и экологического состояния города Ош, а также для разработки предложений по рекреационному развитию парка и эффективному управлению зеленым фондом в будущем. В заключении статьи проведен анализ современного состояния дендрофлоры парка и сделаны научные выводы относительно редких видов или деревьев, нуждающихся в дополнительной посадке.

Ключевые слова: *инвентаризация, дендрофлора, парк имени Б. Алыкулова, город Ош, таксономический анализ, виды деревьев, деревья, озеленение, экология.*

Abstract

This scientific article details the results of a comprehensive inventory of the dendroflora of the B. Alykulov Recreation Park, which plays a vital role in the urban greening system of Osh city.

The primary objective of the research is to identify the species composition of trees within the park territory, analyze their taxonomic structure, and calculate the quantitative indicators for each species. This park holds particular significance for the residents of Osh, as it is becoming one of the main recreational areas where hundreds of people visit daily to relax, breathe fresh air, and connect with nature. The research work was conducted under field conditions using visual observation and route counting methods. As a result, a complete checklist of plant species in the park was compiled, and the dominant species and genera were identified and scientifically classified. The data obtained from this study will serve as a foundation for assessing the ecosystem and environmental state of Osh city, as well as for developing recommendations for the future recreational development of the park and effective management of its green fund. In conclusion, the current state of the park's dendroflora was analyzed, and scientific conclusions were drawn regarding rare species or those requiring additional planting.

Keywords: *inventory, dendroflora, B. Alykulov Park, Osh city, taxonomic analysis, tree species, trees, landscaping, ecology.*

Киришүү.

Азыркы учурда шаардык чөйрөнүн экологиялык абалын жакшыртууда жана туруктуу экосистеманы калыптандырууда жашыл аймактардын мааниси өтө чоң. Шаар ичиндеги парктар жана скверлер бир гана эстетикалык кызмат өтөбөстөн, абаны тазалоо, микроклиматты жөнгө салуу жана калктын рекреациялык муктаждыктарын канааттандырууда негизги ролду ойнойт. Өзгөчө калктын саны тездик менен өсүп жаткан Ош шаары сыяктуу ири шаарларда жашыл аймактарды сактоо жана алардын түрлөрүнүн курамын оптималдаштыруу актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.


Б. Алыкулов атындагы парк 2025-жылдын 5-октябрында Өлкө башчыбыздын катышуусунда ачылды. Жаңы парк шаар тургундары эң көп барган жашыл аймактардын бирине айланууда. Парк жаңы ачылганы менен мындагы бак-даректар көп жылдык себеби мурда бул жер Ош шаарынын балдардын кургак учукка каршы күрөшү борборунун багы болчу. Паркта жаш көчөттөр да отургузулду. Барпы Алыкулов атындагы парк Ош шаарынын түштүк чыгыш (Юго-Восток) аймагында орун алып, ал шаардын “Курманжан датка” муниципалдык аймактык башкармалыгына карайт. Шаардын бул аймагында мурда паркты бузуп жеке турак жайлар курулуп кеткенин эске алганда жаңы парктын ачылышы алкоого татыйт. Шаардык чөйрөдө антропогендик таасирлердин жогорулоосу менен бак-даректарга таасир этүүлөрү күчөп жатат [1, 2, 3, 4]. Урбанизация процессинин күчөшү, климаттын өзгөрүшү, антропогендик таасирлер жана зыянкечтердин көбөйүшү, бак-даректардын абалына терс таасирин тийгизип жатат [1, 5, 6]. Шаар чөйрөсүндө жашыл аймактарды натыйжалуу башкаруу жана келечектеги жашылдандыруу иштерин пландоо

үчүн алгач аймактагы дендрофлоранын учурдагы абалын так билүү зарыл. Дендрофлораны инвентаризациялоо дарак-бадал өсүмдүктөрдүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн аныктоонун фундаменти болуп саналат. Мындай изилдөөлөр парктын таксономиялык түзүмүн талдоого жана бак-даректардын туруктуулугун баалоого мүмкүндүк берет. Б. Алыкулов атындагы парктын бак-даректарынын түрлөрүнүн курамын жана алардын таксономиялык анализин изилдөө бул аймактын экологиялык потенциалын аныктоодо маанилүү илимий жана практикалык мааниге ээ. Ушул себептен улам, биздин изилдөөбүз парктагы бак-даректардын инвентаризациясын жүргүзүүгө жана алардын бүгүнкү күндөгү абалына илимий баа берүүгө багытталган.

Изилдөөнүн обьектиси жана методдору.


Барпы Алыкулов атындагы парк Ош шаарынын түштүк-чыгыш районунда, Курманжан датка муниципалдык аймактык башкармалыгынын аймагында жайгашкан. Парктын жалпы аянты 2,10 га аянты түзөт. (№-сүрөт) Б. Алыкулов паркында 1 арка жана 1 эстелик, 1 кафе, ууна токтотучу жай, 1 футбол ойноочу чакан аянтча, коомдук ажаткана жана балдар ойноочу жай орун алган. Мындан сырткары скамейкалар менен атайын таштанды таштоочу урналарды кездештиребиз.

Изилдөө 2025-жылдан тартып 2026-жылдын апрель айына чейин жүргүзүлдү. Б. Алыкулов атындагы парктын бак-даректарынын түрдүк курамы талданып аныкталды. Парктын аймагындагы даректардын саны такталык эсепке алынды. Парк ачылгандан кийин канча жаш көчөттөр эгилгени жана алардын саны, абалы каралды.



№1-сүрөт. Б. Алыкулов атындагы парк.

Изилдөөнүн усулдары болуп талаада изилдөө ыкмалары колдонулду. Маршруттук ыкмалар түзүлдү. Визуалдык байкоо жүргүзүлдү мындан сырткары даректардын түрүн аныктоочу справочниктер колдонулду. Парктагы бак-даректардын жаш курагын жана жылдык шакекчелерин саноодо бурав аспабы менен даректардан үлгүлөр (керн) алынып линтаб (LINTAB™) аппараты менен аныкталды. Изилдөө обьектибиздеги, бак-даректарды саны толук түрдө эсептелинип чыкты.



№2-сүрөт. Изилдөө иштин жүрүшү жана колдонулган усулдар.

Жыйынтыктар жана талкуу.

Б. Алыкулов паркында жалпы 943 түп дарак жана бадал өсүмдүктөрү бар экенин изилдөө көрсөттү. Алар 28 түргө 16 уруунун өкүлдөрүнө таандык экени маалым болду. (№1-таблица). Мында жашы уулу даректар болуп Platanus orientalis, Ulmus pumila, Ulmus qlabra Pendula, Tilia Americana, Populus alba L., Pinus radiate, Prunus armeniaca L., Morus L., жана Juglans regia L., саналарын иштин жүрүшүндө далилденди. Парк жаңы гана ачылып жаш парк болгондуктан мында көп жылдык бак-даректардын саны аз. Парктын аймагында жалпы 943 түп дарак-бадалдардын ичинен 142 даана даректар гана көп жылдык болуп саналат, калган 801 түбү жаш көчөттөргө туура келет. Бул көрсөткүч биз изилдеп жаткан Б. Алыкулов паркынын 15% ы көп жылдык даректар ал эми 85% ы жаш көчөттөр түзөрүн далилдейт. Көчөттөр 2026-жылдын 12-февраль күнү отургузулду. Отургузулган жаш көчөттөр павловния, катальпа, ясень, клён жана каштан болуп жалпы 300 дөн ашык көчөт тигилди. Туура эки ай бою байкоо жүргүзүп мында эгилген көчөттөрдүн өнбөй калгандарын байкадык. Жогорудагы эгилген 5 түрдүү жазы жалбыраktуу көчөттөрдүн так саны 305 түп тигилип анын ичинен куурап, өнбөй калгандары 68 дананы түздү. Бул паркка отургузулган жаш көчөттөрдүн куурап калганы 22,3% түзүп алдыда изилдөөлөрдү талап кыла турчу маселеге айланууда.

Таблица 1

Б. Алыкулов атындагы парктын бак-даректарынын түрдүк курамы

№	Түр	Саны	Уруусу
1.	Platanus orientalis, Чынар	1	Platanaceae, Чынарлар уруусу
2.	Ulmus pumila, Кара жыгач	6	Ulmaceae, Кайрагачтар уруусу
3.	Ulmus qlabra Pendula, Кара жыгач	2	
4.	Juniperus virginiana, Виргин арчасы	136	Gupressaceae, Кипаристер уруусу
5.	Thuja occidentalis L., Батыш Туясы	110	

6.	Fraxinus excelsior L., Кадимки ак чечек	80	Oleaceae, Ак чечектер уруусу
7.	Ligustrum vulgare, Бирючина обыкновенная, кадимки жабык өсүмдүк	1	
8.	Acer negundo, Клён ясенелистный, Чечек	50	Sapindaceae, Сапиндовые
9.	Aesculus hippocastanum, Конский каштан	5	
10.	Tilia Americana, Америка жөкө дарагы	9	Malvaceae, Гүлкайырлар уруусу
11.	Populus alba L. Бака-Терек же Көк-Терек	6	Salicaceae, Талдар уруусу
12.	Populus pyramidalis, Мырза терек	2	
13.	Salix L., Тал	2	
14.	Robinia pseudoacacia, Жалган акация	4	Fabaceae, Чанактуулар уруусу
15.	Gleditsia triacanthos, Гледичия трёхколючковая	18	
16.	Castanea, Каштан	49	
17.	Pinus radiate, Кызыл карагай, лучистая	2	Pinaceae, Карагайлар уруусу
18.	Pinus thunbergii, Тунберг карагайы	20	
19.	Prunus armeniaca L., Өрүк	28	Rosaceae, Роза гүлдүүлөр уруусу
20.	Pyrus, L. Алмурут	1	
21.	Malus P. MILL., Алма	2	
22.	Juglans regia L., Грек жаңгагы	3	Junglandaceae, Жаңгактар уруусу
23.	Catalpa, Катальпа, мүрөк дарагы	77	Bignoniceae, Бигнониялар уруусу
24.	Berberis thunbergii, Барбарис Тунберга, Бөрү карагат	176	Berberidaceae, Бөрү карагаттар уруусу
25.	Berberis thunbergii Aurea Барбарис тунберга, Бөрү карагат	36	
26.	Euonymus japonicas, Бересклет японский, Жапан бересклети	45	Celastraceae, Бересклеттер уруусу
27.	Paulownia tomentosa, Кут дарагы, Павловния войлочная	49	Paulowniaceae, Павловния уруусу
28.	Morus L., Тыт	13	Moraceae, Тыттар уруусу

Жогорудагы таблицаны карай турган болсок изилденип жаткан паркта саны жагынан басымдуулук кылган уруулардан, биринчи орунда 246 даана менен кипаристер уруусу андан кийин 212 түп менен карагаттар уруусунун өкүлдөрү жана 81 түп менен ак чечектер уруусу турат.



1-диаграмма.

Диаграммада көрүнүп тургандай бул парк абдан жаш болуп саналат келечекте быйыл отургузулган көчөттөрн чоңойсо калың дүпүйгөн бак болот жана паркка кооздук тартуулап келген шаар тургундарына жагымдуу атмосфера жаратат. Парктын 15% гана көп жылдык даректар экенин эске алсак, демек азырынча паркта жайдын аптаптуу, ысык мезгилинде көлөкө жетиштүү деңгээлде эмес деп тыянак чыгарсак болот.



2-диаграмма.

2-диаграммада көрсөтүлгөндөй мында жазы жалбыректуу көчөттөр салыштырмалуу 18% көп отургузулуптур. Бул диаграммага биз жаш көчөттөрдөн Berberis thunbergii Aurea, Berberis thunbergii бадалдарын кошпой диаграмманы түздүк эгер кошкондо анда башка көрсөткүчтү бермек.

Корутунду:

Ош шаарындагы Б. Алыкулов атындагы парктын бак-даректарынын санын эсепке алуу, түрлөрү менен уруусун аныктоо, отургузулган жаш көчөттөрдн жана көп жылдык даректардын пайыздык катышын салыштыруу ошондой эле жашын аныктоо менен парктын

дарак жана бадалдар флорасына инвентаризация жүргүзүү иштери шаар чөйрөсүнө, антропогендик таасирлерге бак-даректардын туруктулуугун жогорулатуу боюнча илимий изилдөөлөргө кайсы бир деңгээлде биздин изилдөөбүз салым кошот деп ойлойбуз.

Изилдөөнүн жыйынтыгында төмөндөгүдөй иштер аткарылып аныкталды.

- Паркта дарак-бадалдардын 28 түрү бар экени аныкталды.
- Паркта 16 уруунун өкүлдөрү өсөрү маалым болду.
- Изилденген аймакта бак-даректардын жалпы саны 943 түп экени эсептелинди.
- Алардын ичинен 801 түбү жаш көчөттөргө туура келери изилденди.
- Изилдөөбүздүн алкагында жазы жалбыректуу көчөттөр басымдуулук кылары белгилүү болду.
- Мында эң көп көчөтү отургузулган арча экени эсептелинип чыкты.
- Отургузулган 305 көчөттүн ичинен 68 түп көчөт жанданбай калганы аныкталды.
- Паркта көп жылдык жашы улуу даректарга чынар, өрүк, бака-терек жана тыт киреринжылдык шакекчелерин саноо көргөздү.

Паркта жаңыдан отургузулган жаш көчөттөргө туура кам көрүлүп, кароо туура жүрүшү керек. Туура каралып, куурап калбай өнгөн көчөттөр бул биринчи эле кезекте шаарыбыздын акча каражаты туура нукта коромжу болбой пайдаланышына алып келип, бул шаардын эртеңки көркү болмокчу. Ушундай жумуштар Өлкөбүздүн өнүгүшүүнө түздөн-түз салым кошмокчу.

Адабияттар

1. Мамасадык у А. Ош шаарындагы Исхак Раззаков паркынын бак-даректарынын түрдүк курамы жана экологиялык абалы / Мамасадык у А. // наука, новые технологии и инновации кыргызстана.- № 1, 2025. – 56-60-бб.
2. Мамасадык у А. Өзгөн шаарындагы сейил бактын дарак жана бадал өсүмдүктөрү / Мамасадык у А. // Вестник Ошского государственного педагогического университета. - №2. – 2023. – 108-113-бб.
3. Мамасадык у А. Ош облусунун шаар парктарынын топуректарын экологиялык жана биогеохимиялык изилдөө / Мамасадык у А. // Известия вузов кыргызстана. - №1. - 2025. – 45-49-бб.
4. Жапарова А.К., Дуйшеналиев Ж.Б. Кара-Балта шаарынын дарак-бадал өсүмдүктөрүнүн зыянкечтери / Известия вузов кыргызстана - №1, 2025. – 29-33-бб.
5. Мамасадык уулу Арстанбек. Өзгөн шаарынын жашыл аймактарындагы топурак катмарында микроэлементтердин кармалышы / Мамасадык уулу А., Абсатаров Р., Маметова К. // Известия вузов кыргызстана, № 2, 2024. Б. 60-63.
6. Мамасадык уулу А. Ноокат шаарынын эс алуу багынын то пуректарын экологиялык жана биогеохимиялык изилдөө / Мамасадык уулу А. // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Химия. Биология. География. 2024. №1(4). - 193 200-бб.
7. Каюков А.Н. Определитель древесных растений [Элек тронный ресурс]: метод. указания. / А.Н. Каюков, В.П. Попов; Краснояр. гос. аграр. ун-т.– Красноярск, 2020.– 51 с
8. Академия наук Киргизской ССР ботанический сад. / дере вья, кустарники и лианы для озеленения населенных пунк тов Киргизии. – Фрунзе, 1965. - 9-б.
9. Зуихина С.П., Коровин В.В. Практикум по дендрологии. М.: 2006
10. Ткаченко В.И. деревья и курстарники североамериканской флоры в условиях ботанического сада города Фрунзе. – Фрунзе, 1980. - 11-22-бб.